# Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ   ОКТЯБРЬ'22 / №85-САНЫ   WWW.MANAS.EDU.KG



12

## Бир тууган эки элге көпүрө - Кыргыз-түрк "Достук" ооруканасы

Кыргыз-түрк "Достук" мамлекеттик ооруканасы 2018-жылдын 1-сентябрында Түркия жана Кыргыз өкмөттөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде ачылган.


02

# «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылы салтанаттуу ачылды

2022-жылдын 25-октябрында А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылынын салтанаттуу ачылыш аземи болуп өттү.


06

## Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк КТМУнун проректордук кызматында

Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк 2022-жылдын 22-июлунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) проректорлугуна дайындалып, 12-сентябрда өз милдеттерин аткарууга киришкен.


08

## Профессор К.Жанузаков «Манас» ордени менен сыйланды

Президент Садыр Жапаров Кыргызстандын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик...


04

## Кылымга тете эркиндик

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) Түркия Республикасынын түзүлгөндүгүнүн 99 жылдыгына арналган майрамдык иш-чара өткөрүлдү.


16

## Өндүргөн азык-түлүктөрү менен таанылган КТМУнун айыл чарба факультети

2022-жылдын февралында Украина менен Орусиянын ортосундагы согуштан кийин дүйнө дан кризисине туш болду.


14

## Жан аттуга кам көргөн ветеринария факультети

Биз Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ветеринария факультетине барганыбызда, студенттер профессорлору менен биргеликте операцияга кирип...

# «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылы салтанаттуу ачылды

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС

***2022-жылдын 25-октябрында А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылынын салтанаттуу ачылыш аземи болуп өттү.***

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылынын салтанаттуу ачылыш аземинде университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан: «Кыргызстандагы, Борбордук Азиядагы эң абройлуу жана алдыңкы окуу жайы катары «Манас» университети окуу-тарбиялык жана илимий изилдөө иштери, коомго маданий жана көркөм өнөр жаатында көрсөткөн кызматтары аркылуу алдыдагы максаттарына жетүү үчүн бардык күч-аракетин жумшайт», - деди. Ошондой эле ректорубуз илим, тарбия жана жогорку билим берүү жаатында алгылыктуу иштерди аткарып, жаңы кадамдарды таштаган окуу жайыбыз күч-кубатты сиздерден - “Манас” университетинин кадырлуу окутуучуларынан, студенттеринен, мүчөлөрүнөн жана досторунан аларын белгилеп, студенттерге келечек пландар тууралуу маалымат берди.

«Манас» университетинде билим алууну биринчи орунга коюп окуйсуздар, билим алуу абдан түйшүктүү эмгек экени маалым. Өз кезегинде «Манас» университетинин академиялык жана институционалдык маданияты да, студенттик коомчулуктарынын иштери да, маданий жана спорттук иш-чаралары да сиздердин бардык күтүүлөрүңүзгө жооп бере алат», - деп кошумчалады ректор, проф. Алпаслан Жейлан.

Белгилей кетсек, Кыргыз-Түрк «Манас» университети сапаттуу билим берүүдө алдыга озуп чыгып, дүйнөлүк аренада өз ордун көрсөтө алды. Окуу жайыбыз дүйнөлүк университеттердин престиждүү Times Higher Education (THE) Impact Ranking 2022 рейтингине кирген Кыргызстандагы ЖОЖдордун сап башында турду. Келерки окуу жылында алдыңкы беш жүз университеттин катарына кирүүнү максат кылууда.

«Жаңы окуу жылына карай жаңы пландарыбыз абдан көп. Өткөн окуу жылындагы жаңылыктарыбызды да атай кетейин, алардын бири Кыргыз Республикасындагы гана эмес, дүйнөлүк масштабдагы окуу жайлардын ичинен “Манас” университетинде биринчилерден болуп Түрк тилдүү элдердин салттуу спорт оюндары уюштурулуп, атайын ат майданын ачтык. Университет ата-бабалардын унутта калып бара жаткан салттуу оюндарын жандантууга кам көрүп, салттуу оюндарды жайылтуу, элдердин түпкү тамыры, теги менен байланышын бекемдөө жана ага жаштардын кызыгуусун







арттырууну максат кылат», - деди ректор, проф. Алпаслан Жейлан.

Ректор университеттин жетишкендиктерине окуу жайдын академиялык жана административдик кызматкерлеринин кошкон салымы жана орду абдан маанилүү экендигин баса белгилеп, жаңы окуу жылынын ачылышы менен кызуу куттуктап, студенттерге чың ден соолук, окуудагы ийгиликтерди каалады.

Университеттин биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев КТМУ өзүнүн жыйырма жети жылдык тарыхында жаңы типтеги университет болууга жетишип, азыр дүйнөлүк аренага таанылган, абройлуу жогорку окуу жайга айланганын айтып, келечекте жасала турган иштерге токтолду:

«Мындан 10 жыл мурда стратегиялык планыбызды түзгөндө кайсы тарапка багыт алабыз деген чоң талкуу болгон. Натыйжада биз эл аралык аренада күчтүү атаандаш боло алган университет болуу максатын алдыга койгон элек. Эки боордош өлкө, Кыргызстан жана Түркия бир чоң максатты, жаштарыбызга заманбап билим берүүнү көздөгөн. Заманбап билим заманбап университетте гана берилет. Ал заманбап университетти ким ошондой деңгээлге чыгарат? Эң жогорку сапаттагы профессордук-окутуучулук курам, университеттин билим берүү, илимий изилдөө инфраструктурасы жана билим алууга жагымдуу экосистемасы. Биз эл аралык аренада атаандаш болуу үчүн, эл аралык талаптарды жана критерийлерди толук кандуу аткарып келатабыз. Бүгүнкү күнгө чейинки бардык



жетишкендиктерибиз окутуучуларыбыздын жылдар бою өтөгөн ак эмгегинин үзүрү менен жүзөгө ашты деп эсептейм».

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2022-2023-окуу жылынын салтанаттуу ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Расул Абазбек уулу катышып, эки өлкө ортосундагы окуу жай 10 миңден ашуун жаштарга акысыз жана сапаттуу билим берип, кесипкөй адистерди даярдап келерине токтолду.

«1995-жылы эки өлкөнүн ортосундагы достуктун данакери катары атайын келишим менен түзүлүп, жаштарга сапаттуу билим берүү миссиясы тагылган Кыргыз-Түрк “Манас” университети өлкөбүздүн билим берүү системасынын өнүгүүсүнө олуттуу салым кошуп келе жатат. Сиздердин окуу жай билим берүү мейкиндигине батыл кирип, бүгүнкү күнгө чейин он миңден ашуун жаштарга акысыз, эң башкысы сапаттуу билим берип, өлкө муктаж болгон эмгек рыногунун шартына ыңгайлашкан кесипкөй адистерди даярдап келүүдө. Министирлик, жалпы эле билим беруу чөйрөсү бул үчүн сиздерге ыраазычылык билдирет. Университеттин дагы бир өзгөчө салымы - кыргыз жана түрк тилдеринде билим берүү менен кыргыз тилинин илим жана билимдин тили болуп, бул багытта колдонулуусун жайылтуу иш-аракети. Биз үчүн бул өтө чоң мааниге ээ», - деди ал.

Ошондой эле министрдин орун басары университеттердин орду жана салмагы дүйнөлүк рейтингдер менен өлчөнөрүн жана бул жаатта «Манас» университети өрнөк боло аларын баса белгиледи.

Куттуктоо сөздөрүнөн кийин «Түрк дүйнөсү жана түшүнүктөр картасы» аттуу жаңы окуу жылынын ачык сабагын Түркиядан келген профессор Мехмет Акиф Окур өттү. Салтанат Түркиянын колунан көөр төгүлгөн уздарынын Селчук, Осмон доорундагы кийимдеринен турган «Султандар саркечтиги» көргөзмөсү менен коштолуп, эстрада жылдыздарынын жана университеттин хорунун концерттик программасы менен соңуна чыкты.

> *Эскерте кетсек, быйыл «Манас» университети бир жарым миңден ашуун студент кабыл алды. Окуу жайда үч жүз сексенден ашык боордош Түркиядан жана Кыргызстандан окутуучулар иштейт жана алты миңден ашык студент окуйт. Жалпысынан, токсон программада билим берет.*



# Кылымга тете эркиндик

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОН: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА, БЕКЗАТ АКИМАЛИЕВ

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) Түркия Республикасынын түзүлгөндүгүнүн 99 жылдыгына арналган майрамдык иш-чара өткөрүлдү.***
***Бул программа көркөм өнөр факультетинин конгресс жана маданият борборунда уюштурулуп, ачылышы мамлекеттик гимндин коштоосунда башталды. Андан соң коммуникация факультети тарабынан даярдалган даректүү тасма көрсөтүлдү.***

КТМУнун ректору проф. докт. Алпаслан Жейлан алгачкы ачылыш сөзүн түрк акыны Абдурахим Карачтун 4 сап ыры менен баштады.

"Түрк" сөзүнүн кеңири аймакка тарагандыгын белгилеп, ректор проф. докт. Алпаслан Жейлан буларга токтолду: "Мамлекетибиздин түптөлгөн доорун эске салсак, Республиканын, башкача айтканда, "Түрк" сөзүнүн Анадолудан башка жерге жайылтылбай камалышы, көп өтпөй «Келген жериңерге, туулган жериңерге, мекениңер – Орто Азияга кайткыла!» долбоорун баарыбыз эле көрдүк. Бул долбоорду ишке ашыруу максатында Осмон дөөлөтүнүн кулашына акырындан даярдык көрүштү. Алар ага "оорулуу адам" ролун беришти. Андан соң Анадолунун ар кыл бурчун басып алып, элдин жерин тартып алууга, аларды алакандай жерде туткун катары камоого аракет кылышты. Дал ушул доордо Түрк улутунун эркиндик үчүн тикесинен тик туруп, туткундукту кабыл албай, колуна байланган чынжырын үзүп чыккандыгын сыймыктануу менен айтышыбыз керек. Аны менен катар мындай кырдаалдарда ар дайым жол баштаган лидерлер эл менен чогуу болгон. Ошол эле Мете Хан, Атилла, Алпарслан, Осман бей сыяктуу эл башчылар, лидерлер кандай гана кыйынчылык болбосун бийиктиктерди, жеңишти багындырышты. Ошолордун натыйжасында Ататүрктүн ошол доордун улуу лидери катары пикирлештери менен бирге Түркия Республикасын азыркы абалга алып келгендигине күбө болуп олтурабыз".

Түркия Республикасынын түптөлгөн мезгилдериндеги өткөрүлгөн конгресстерге токтолгон ректор проф. докт. Жейлан: «Айрыкча, биз үчүн эң маанилүү конгресс катары саналган Анадолудагы конгресстерди баса белгилеп кетким келет. Кийин Самсунда өткөрүлгөн конгресс Эрзурум конгресси менен уланды. Ошол Эрзурум конгрессинде кабыл алынган чечимдердин өтө маанилүү өзгөчөлүгү бар. Анда: "Мекен бир бүтүн, аны бөлүүгө болбойт! Мандат жана көзөмөл кабыл алынбайт!" деп айтылган. Түрк тарыхынын эч бир доорунда мандат жана көзөмөлдү, тагыраак айтканда, башка мамлекеттердин аны башкаруусун, ээлик кылуусун кабыл алган эмес. Кабыл алууну каалагандар, сатылгандар, өз мойнундагы жоопкерчилигин билбегендер, жоопкерчиликтен качкандар болду, болуп да келет, бирок түрк улуту көз каранды болууну эч качан кабыл алган эмес, мындан ары да кабыл албайт. Түрк улутунун "талааны" символ катары тандоосунун себеби дагы мына ушунда».

## Түрк тарыхындагы чоң бурулуш

Ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан, боштондук күрөшүнүн баштоочусу, Чыгыш Анадолу аймагынын командири Казым Карабекир Паша тууралуу буларга токтолду: "Ал күрөштө абдан маанилүү бир ысым бар – ал Казым Карабекир Паша. Казым Карабекир Пашанын эскерүүлөрүнө караганда, Ататүрккө келе жатканда аны сарсанаага салган ой басат. Анткени ал Ататүрктү камакка алуу ордерин алып келе жаткан. Бирок Ататүрктүн алдына келгенде: «Мен өзүм да, командам да ар дайым сиздин кызматыңыздабыз, Паша!" дейт. Бул түрк командирине жарашчу чечим! Көптөгөн тарыхчылар бул окуянын түрк тарыхында чоң жана маанилүү бурулуш болгондугун айтышат".

"Мустафа Кемал Паша жана анын жолдоштору эң оор шарттарда күрөшүп, жеңиштерди багындыруу менен Түркия Республикасын түзүшкөн. Улуттук чек араны жарыялашкан. Ататүрк жана анын жолдоштору бул чек араларды эч качан Анадолу чек арасы катары чектеген эмес. Кээ бир адамдар убакыттын өтүшү менен Ататүрктүн «Үйдө тынчтык, дүйнөдө тынчтык!» сөзүн туура эмес чечмелешти. Түркиядагы саясатчылар, мамлекеттик ишмерлер жана тарыхчылар муну көп жылдар бою туура эмес баалашкан. Үйдө тынчтык, дүйнөдө тынчтык, бул Анадолунун дарбазасынын ичинде камалып, тышкы дүйнө менен эч кандай байланышы жок, Анадолуну коргоо саясатын гана колдонуу дегенди билдирбейт. Тилекке каршы, бул сөздү ушундайча түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Ататүрк тирүү кезинде Хатайды жерлерибизге кошкон. Мосул менен Киркук Ататүрктүн керээзи катары биздин алдыбызда турду".



> *Республикабыз түбөлүк жашасын! Быйыл Республикабыздын 99 жылдыгын белгилеп жатабыз. 99 – улуттук күбөлүгүбүз үчүн канчалык маанилүү болсо, руханий жактан дагы маанилүү сан. 99дун баркын билген жаштарды каалайбыз.*

## Күткөн күн келди...

Ататүрктүн СССРдин ырашы, түрк мамлекеттеринин түптөлүшүндөгү көрөгөчтүгү жана КТМУнун мааниси тууралуу ректор проф. докт. Жейлан: «Урматтуу жаштар, Ататүрк бир күнү Советтер Союзу ураарын, Түркиянын бир туугандары менен бириге турган күн келерин айткан. Кудайга шүгүр, көптөн күткөн күн келип, Түркия Республикасы бүгүнкү күндө бир туугандары менен биригип олтурат. Түркия Республикасынын Борбордук Азиядагы бөлүнгүс бир аймагы болгон КТМУ түзүлүп, университетибиз "Манаста" достугубузду бекемдеп жаткан убагыбыз», - деди ректор, проф. Алпаслан Жейлан.

## Түрк Мамлекеттеринин Уюмунун мааниси

Улуу түрк үй-бүлөсүнүн расмий түрдө Түрк мамлекеттер уюмунун алкагында бириктирилгенин баса белгилеген ректор проф. докт. А. Жейлан: «2021-жыл 12-ноябрь биз үчүн абдан маанилүү күн. Улам баса белгилеп, кайталап жатканымдын себеби, бул нерсени эсибизде ар дайым сактап, унутпашыбыз керек. Дал ушул күнү Стамбулда Түрк мамлекеттер уюму түзүлдү. Биз проректор проф. докт. Асылбек Кулмырзаев экөөбүз Стамбулда болдук. Түрк мамлекеттер уюму менен бирге түрк мамлекеттеринин улуттук саясаты болгон «Кызыл алманын» пайдубалы курулду. Кызыл алма - түрк дүйнөсүнүн бүтүндүгү. Кызыл алма - түрк күбөлүгүнүн бутка турусу. Жолугушуулардын биринде президентибиз Режеп Тайып Эрдогандын дүйнө бештен чоң деп айтканы бар. (Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу 5 мүчөсүнүн (АКШ, Орусия, Англия, Кытай, Франция). Аны менен катар, Түркиядагы «Түркия кылымы» көз карашын жарыялады. Башкача айтканда, бул Түрк дүйнөсүнүн кылымы дагы алдыда күбө боло турган эң маанилүү документ», - деп айтты.

## Түрк дүйнөсүнүн улуттук жана руханий баалуулуктарын сиңирген жаштар

КТМУнун ректору проф. докт. Жейлан түрк дүйнөсүнүн биримдиги жана жаштары тууралуу буларга токтолду: «Түркия Кыргызстанга албетте жардам берет. Түркия Түрк дүйнөсүндөгү милдетин мыкты аткарат. Бирок, андан да маанилүүсү – Республиканын түптөлүшү сыяктуу эле, Түрк дүйнөсүнүн жаштары, Түрк дүйнөсүнө аманат болгон жаштары улуттук аң-сезим, улуттук күч-кубат менен, мекенге болгон сүйүү сезимин дене боюна сиңирүүсү деп эсептейм. Биздин бир бүтүн желегибиз жок, бирок ошентсе да, азыркы учурда алты желегибиз бар. Кудай буюрса мындан ары дагы да көбөйөт деп үмүттөнөбүз. Баарыбыз билгендей, биздин Түндүк Кипр бүткүл дүйнөгө таанылат деп ишенем. Аны таанытуу үчүн керектүү кадамдар ташталууда. Урматтуу президентибиз Садыр Жапаров абдан маанилүү иштерди жасап жатат. Түрк дүйнөсүндөгү көйгөйлөрдүн бири болгон чек ара көйгөйлөрүн чечүүгө аракет кылууда. Азербайжандын президенти Илхам Алиев бүтүндөй түрк дүйнөсүн кыдырып жүрөт. Түркия менен биримдикте экенин билдирди».







Ректор проф. докт. Жейлан Республика майрамын куттуктап, студенттерге мындай сөздөр менен кайрылды: «Республикабыз түбөлүк жашасын! Быйыл Республикабыздын 99 жылдыгын белгилеп жатабыз. 99 саны - улуттук күбөлүгүбүз үчүн канчалык маанилүү болсо, руханий жактан дагы маанилүү сан. Жаштарыбыз 99дун баркын билсин. Анткени чымчык эч качан бир канаты менен уча албайт. Түрк жаштарынын эки канаты болушу керек: улуттук канат жана руханий канат. Анда кийинки кылым түрк кылымы болоруна биздин кымындай да шегибиз жок! Жаш кезибизде Орто Азияны көрүп, ушул жерлерди кезип, Каспий деңизинде кол жууп, даарат алып, Тянь-Шанда эки рекет намаз окуп, бийик үн менен гимн ырдап басып жүрүү кыялыбыз болчу. Кудайга шүгүр, кыялыбыз орундалды! Сөзүмдүн башында окуган азери акыныбыздын ырындагы маңыздуу саптарда айтылгандай, бул кылымда Түрк дүйнөсүнүн чек аралары биригип, түрк жаштары бир күбөлүк менен бүтүндөй Орто Азияда, бардык Түрк Республикаларында, Венгрия жана Түндүк Кипрде тууганы менен кучакташып, рахаттана баскан жүз жылдыкка күбө болобуз. Кудай буюрса, бул кылымды биргеликте жашап өтүү баарыбызга насип кылсын".

Иш-чара көркөм сүрөт факультети тарабынан даярдалган «Республикага карай жол» аттуу концерттик программа менен аяктады.

# Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк КТМУнун проректордук кызматында

*Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк 2022-жылдын 22-июлунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) проректорлугуна дайындалып, 12-сентябрда өз милдеттерин аткарууга киришкен.*

*1993-жылы Гази университетинин коммуникация факультетинен журналист адистигине ээ болуп, докторлугун жактаган соң, бир катар кызматтарды аркалоо менен бирге улуттук жана эл аралык деңгээлдеги макала, китеп, баяндамаларга автордук кылган. Андан сырткары, социалдык изилдөөлөрдү да активдүү жүргүзгөн профессор, доктор Сезаи Түрк түрк дүйнөсүндөгү зор мааниге ээ университетте проректордук милдетин аткаруу сыймыктуу жумуш экендигин айтат. Аркалаган ишим – тек гана кызмат макамы эмес, университеттин пайдасына чоң пландарды ишке ашырууга өбөлгө түзгөн эмгек жолум дейт проректор.*

НАБЕР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА, ЮНУС ЭМРЕ ТҮРКЕР / ФОТО: МЕДИАМАНАС
КОТОРГОНДОР: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ, БЕКЗАТ АКИМАЛИЕВ, АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА, ГҮЛДАНА НУРМУХАММАД КЫЗЫ



### "Орто Азия мен үчүн чоң мааниге ээ"

АКШ жана Голландияда иштөө мүмкүнчүлүгүнөн баш тартып, Кыргызстанга карай жол алганынын себебин проректор өзү үчүн түрк дүйнөсүнүн жана жаңы кызматынын мааниси менен түшүндүрдү:

"Орто Азия - мен үчүн бабаларыбыздын изи калган, бала кезден бир көрүүнү эңсеп келген өтө маанилүү аймак. Балким, башка бир университетте проректор болуу мени жеке адам катары кубандырмак. Бирок, түрк дүйнөсүн тааныткан университетте мага жүктөлгөн миссия жана ишеним мени өзгөчө сыймыктандырат".

2021-жылдын 20-ноябрынан коммуникация факультетинин декан кызматын аркалоо учурунда келечекте кандай долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүн экендигине баам салып жүргөн Сезаи Түрк топтогон тажрыйбасынын аркасында жаңы кызматка киришти.

### "Манас" – көп багыттуу университет"

Университеттин сапатын дагы арттыруу үчүн коюлган бир катар пландар коюлган. "Манас" илимий жана башка тармактар боюнча учурда алдыңкы саптагы университет. "Биздин максат Түркия менен Кыргызстандын ортосунда маданият, искусство жана кино секторунун өнүгүшү боюнча иш алып баруу болуп саналат. Буга байланыштуу декабрда Кыргызстан менен Түркиянын кинопродюсерлерин жолуктурабыз. Айдын ортосунда болсо, эки өлкөнүн кызматташуусуна көпүрө катары "Коргонуу өнөр жайы форумун" өткөрүү планыбыз бар. Албетте, бул саамалыкта адистер университетибизде тажрыйба алмашышат. Муну менен биз бир гана илимий теория эмес, практикага да көп басым жасаарыбызды жана жасаган иштерибиздин көрүнүктүү натыйжа берүүсү үчүн аракет кылып жатканыбызды айткым келет", – дейт проректор.

Бир катар коомдук изилдөөлөрдүн автору болгон профессор, доктор Түрктүн эмгектери 2021-жылы да жарык көрүп, эки китеби эл аралык "Басылмалар каталогунда" өз ордун ээледи. Азыркы учурда ТРТда даяр турган дагы бир китеби престиждүү басылма катары чыгуу алдында турат. Сезаи Түрктүн пикиринде, аны баарынан Кыргызстанда жүргүзө турган ишмердүүлүгү жана өзгөчө кино өндүрүү тармагындагы кызматташуулар толкундандырат. Ал эми ноябрь жана декабрда өтүүчү илимий иш-чаралар бир эле учурда Кыргызстан менен Түркиянын илимий сферасына чоң салымын кошмокчу.

### "Учурдун талабына жооп берген университет"

Ар бир университеттин өзүнө тиешелүү мүдөөсү, ою болушу жана ал аркылуу айлана-чөйрөгө, коомго, анын ичинде адамдарга пайда алып келиши керектигин баса белгилеген проректор проф. докт. Түрк КТМУнун профессордук-окутуучулук жамааты жана студенттери тарабынан жүргүзүлүп келе жаткан иштер тууралуу буларга токтолду: «Учурда "Келечектин университети" концепциясынын негизинде — эл аралык симпозиумдар, квалификацияны жогорулатуу үчүн уюштурулган тренингдер, түрдүү окуулар, конгресстер, аны менен катар университетте коомду өнүктүрүүгө багытталган изилдөөлөр жүрүп жатат. Буга коомдун пайдасы үчүн өткөрүлүп турган окутуу программаларын дагы мисал катары айта кетсек болот. Университет айлана-чөйрөсүнө канчалык өз салымын кошсо, ошончолук өзү да өнүгүп өсөт. Бул себептүү 2030-жылы дүйнөдөгү бардык окуу жайларда коомду өнүктүрүү, коомду туура жолго багыттоо жана коом менен бирге болуу иш-аракеттерине өтө маани берилип, талап өсөт".

Проф. докт. Түрк, интернационалдашууга өзгөчө маани берерин, бул боюнча көптөгөн программаларга катышып жатканын айтып, университеттин жайгашкан жери менен көз карандысыз мамлекеттер коомчулугунун, Түркия жана Түрк дүйнөсүнүн университети болуп саналарын баса белгиледи. Бул нерсени дагы да кеңири жайылтуу үчүн, студенттердин чет жерден стажировкадан өтүүсүнө, окутуучулар менен студенттердин алмашуу программаларынын алкагында чет өлкөлөргө баруусуна үндөөрүн кошумчалады.

### "Манас" университети: бардык шарттар каралган Кампус"

Проф. докт. Түрк, КТМУ «Университеттен дагы артык» ураааны менен студенттерге көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдүн каалгасы ачык экенин баса белгиледи. Студенттер мындай мүмкүнчүлүктөрдү кызыгуусуна жараша пайдалана аларын, материалдык жана моралдык жактан кыйынчылыктарга туш болбошу үчүн алдын-ала жасалып жаткан иш-аракеттер жүрүп жатканына токтолду:

«Биздин окуу жайдын миссиясы өтө чоң. Мен бир макаламда мындай кеп козгогом: " Айрыкча, Түркиядан келген студенттер, университетибизге бир гана окуу үчүн келдим деп ойлобоңуз. Анткени, бул университет Түрк дүйнөсүнө, өлкөңүздү таанытуу мүмкүнчүлүгүн берген университет. Жасаган ар бир ишиңиз башкалардын Түркия тууралуу ойлорунун жаралышына себеп болот. Ошондуктан сиздин ар бир жасаган ишиңиз чөйрөңүздөгү адамдарга дагы таасирин тийгизери эсиңизде болсун. Биздин негизги максатыбыз, ректорубуз айткандай «курсагы ток, бели бек» студенттерди тарбиялоо. Студенттерибиздин финансылык жана моралдык жактан кыйналбай, окуудан башка нерсеге алагды болбошун каалайбыз. Кампус университети деген эмне? Ишеним жаратууга аракет кылган бир университет. Биздин студенттердин болжол менен 30 пайызы жатаканага жайгаштырылган жана бул көрсөткүч дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөн бир топ жогору. Дүйнөлүк орточо көрсөткүч 15% жана 17%дын тегерегинде болсо, биз студенттерди 30% менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн бере алдык. Албетте, муну менен токтоп калбастан, мүмкүнчүлүктөрдү дагы да сан жагынан, сапат жагынан жакшырткыбыз келет. Ошондуктан, учурдагы шарттарды күн сайын аз-аздан жакшыртуунун үстүндө иштеп жаткан чагыбыз. Жакынкы арада жаңы жатаканаларды куруу иши күтүлүүдө. Университетибизде кафетерий, ашкана, көп сандаган маданий борборлор, жыйын залдары жана лекциялар үчүн ыңгайлаштырылып чоң окуу класстары салынган. Анан да университетибиздин эң башкы өзгөчөлүгү – бюджеттик окуу жай болгону десек болот",- деди.

### КТМУнун түрк дүйнөсүндө ээлеген орду жана мааниси

Проф. докт. Түрк, университетте Түрк дүйнөсү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөргө артыкчылык берилерин айтып: "Окуу жайда Түрк цивилизациясы боюнча изилдөө борборлору орун алган. Анын бири – «Санарип жарандык» долбоору. Долбоордо 90дон ашык университеттин 10 миңден ашык студенти окуйт.

Мевлана, Фараби жана өзгөчө Орхун Түрк Дүйнөсү алкагында жүзөгө ашкан алмашуу программаларында окутуучулар менен студенттер биргелешип иш алып барышат. Мындагы илимий изилдөөлөр, илимий иш-чаралардын көпчүлүгү Түрк Дүйнөсүнүн достугун бекемдөөгө арналат. Келечекте дагы ишке ашырыла турчу олуттуу изилдөөлөр пландалып жатат.



Орто Азиядагы Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен Казакстан аймагындагы Хожа Ахмет Йесеви университетинин бул аймакта 25 жылдан бери иш алып баруусунун натыйжасында бир катар олуттуу иштерди жасоого жетишти",–деди.

### "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин артыкчылыктары"

Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк башка университеттерге салыштырмалуу КТМУнун артыкчылыктары көп экенин, баарынан мурда эл аралык университет болгону үчүн университеттин студенттери бүтөрү менен 2 дипломго ээ болорун, ошондой эле жок дегенде 2 чет тилин үйрөнүүгө мүмкүнчүлүгү бар экенин белгилеп, техникалык жактан карап көргөндө, Кыргыз-Түрк "Манас" университети Түркиядагы башка жогорку окуу жайларынан кем калышпаганын кошумчалады. Ошондой эле ал КТМУнун коммуникация факультетине да кеңири токтолду: «КТМУда берилген мүмкүнчүлүктөрү (студиялар ж.б.) менен Түркияда теңдеши жок окуу жай. Биздин окуу жай, өзгөчө Түркиядан, Кыргызстандан жана түрдүү өлкөлөрдөн келген профессордук-окутуучулук курамы менен, Орто Азияда жайгашкандыктан, ар кандай перспективаларга ээ болгону менен, ар кандай көз караштарды өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген чөйрөгө ээ экендиги менен Түркиядагы бир катар университеттерден жогору десек жаңылышпаймын. Учурда ар кандай илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп жатабыз. Биз үчүн эң маанилүү болгон этаптардын бири - бул Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дүйнө рейтинги боюнча 801-орунга, Түркиядагы университеттер арасында болсо 7-орунга чыккандыгы. Бул жетишкендик ар бир факультетке жана ар бир кафедрага тиешелүү, анткени бизде өз тармагында мыкты деген профессорлор, окутуучулар эмгектенишет. Учурда бир катар лабораторияларыбызда иш жүргүзүп, илимий изилдөөлөрдү, жаңы ачылыштарды ачууга бардык шарттарыбыз бар".

### «Университеттеги үй-бүлөлүк атмосфера»

Профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Түркиядан келген окутуучулар жамааты менен жергиликтүү окутуучулар жамаатынын ортосундагы өз ара жылуу мамиле университетте үй-бүлөлүк атмосферанын түзүлгөнүн шарттаганын белгиледи. Студенттер "Манас" университетиндеги мындай атмосферада мыкты таалим-тарбия алышып, бүтүрүүчүлөр да окуу жайынан дайыма кол үзбөй байланышып турарын белгиледи профессор Сезайи Түрк. Мындай нерселер Түркиядагы университеттер үчүн өтө деле маанилүү эмес, ал эми "Манас" үчүн бул мамилелер абдан баалуу. Бүтүрүүчүлөр же чет жакка чыккан студенттерибиз университетти сагынып, өздөрүнүн сезимдерин социалдык медиа аркылуу бөлүшөрү абдан кубандырат дейт проректор.

### «Биз университетти жашоонун борбору катары көрөбүз»

КТМУда экологиялык эрежелерди, маданий иш-чараларды, көркөм чыгармачылыкты жана мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатуу боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөт. Ошондой эле студенттердин жакшы шартта окуусун камсыз кылууга багытталган университеттин жетекчилигинин бир катар долбоорлору бар. КТМУнун долбоорлору боюнча профессор, доктор Мехмет Сезаи Түрк мындай деди:

«Биз университетти билим берүү борбору катары гана эмес, жашоо борбору катары да көрөбүз. КТМУга окууга киргенде "Манас" университетинин студенти жана анын мүчөсү болуу сыймыгына ээ болушуңузду каалайбыз. Учурда ушундай деңгээлге жеттик десем жаңылышпайм. Анткени, азыр биздин күнөсканаларыбыз бар, окуучуларыбыз сырттан келген жашылча-жемиштерди эмес, өздөрү өстүргөн продукцияны жешет. Ветеринария факультеттин студенттери болсо, өздөрү жаныбарларга операция жасап, бул боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Ошондой эле, коммуникация факультети да кыска метраждуу фильмдердин фестивалдарын уюштуруп жатат. Мындан тышкары студенттерибиздин каалоосу боюнча "Оба" чай багында кино көрсөтүү программасы улантылып жатат. Студенттерибиздин бактылуулук атмосферасын тартуулаган кампуста жашашын каалайбыз. Ошол себептүү колубуздагы бюджеттин чегинде иштерди жүргүзүүгө аракет кылып жатабыз. Жакын арада жаңы ашканалар да курула баштайт. Бизде 150 чарчы метр чатыр кантиндерибиз болот. Кышында университетибизде окуп жаткандарга кантинде ыңгайлуу отурууга шарт түзүлөт. Булар буюрса абдан кыска убакыттын ичинде ишке ашат. Дагы айтып кетүүчү нерсе, бассейн курууну да пландап жатабыз. Баарыңызга белгилүү болушу керек, артезиан булактарынан суу чыга баштады. Буюрса, биздин студенттер күн сайын жаңы идея жана жаңы эмоциялардын курчоосунда болот. Биз студенттерибиз үчүн бул мүмкүнчүлүктөрдүн бардык аспектилерин колдонууга аракет кылып жатабыз».

### «Манас» университетинин жаркыраган жылдыз болушун каалайбыз»

Кыргыз-Түрк "Манас" университети дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин рейтингинде 801-орунду ээлеп, Кыргызстандагы дүйнөлүк университеттердин рейтингине кирген биринчи жана жалгыз университет болду. Илимий ишмердүүлүктү, ошондой эле академиялык чөйрөдөгү жетишкендиктерди илгерилетүү жана жогорулатуу боюнча иштерди координациялаган ректор жардамчысы проф. доктор Түрк академиялык жетишкендиктер боюнча төмөнкүлөргө токтолду:

"Ректорлук эки жылдан бери Түркиядан эң ийгиликтүү окутуучуларды тартууга багытталган иш-чараларды жүргүзүп келет. Ал өзүнүн басылмалары жана окуудагы жетишкендиктери менен өзүн далилдеген профессордук-окутуучулук курамдын келишине багытталган изилдөө иштерин жүргүзөт. Ошол эле учурда, дээрлик бардык окумуштуулар кеңешинде жана башкаруу кеңешинде да ушундай стимул бар. Биз эл аралык университет болгондуктан, дүйнөлүк рейтингде алдыңкы 500, алдыңкы 100гө кирүү үчүн ишмердүүлүгүбүздү жүргүзүп жатабыз. Бул маселеде биз стимулдарыбызды арттырабыз. Биз ар дайым алдыга жылууну пландап келебиз. Окутуучуларыбыз жана студенттерибиз менен «Манас» университетинин Түрк дүйнөсүндөгүдөгү жаркыраган жылдызга айланышын көксөйбүз".

Проректор проф. доктор. Мехмет Сезаи Түрк «Манас» университетинин моделине токтолду. Ал бул модель университет негизделгенден бери баалуулуктардан түзүлгөн модель экенин жана ал эмнелерден турарын түшүндүрдү. Бул моделде: университетке өтүү үчүн бир гана окуш керек экендигин, окуу жайда бардык студенттерге бирдей талап, бирдей мамиле болот. «Манас» университетинин студенттери эмгекчил, чынчыл жана ишенимдүү деп сырттан көп укканына проректор кубанарын белгиледи. Бул биздин университеттин жамаатына берилген эң зор, эң жогорку баа деп, профессор Түрк университеттин администрациясына, бардык окутуучуларга ыраазычылыгын билдирди.



*"Кыргызстанда «Манастын» модели» деген түшүнүк бар. «Манастын» модели» университет түзүлгөндөн баштап азыркыга чейинки баалуулуктардын жыйынтыгында пайда болгон модель. Моделдин алкагында: бул университетте акча берип, жең ичинен эч нерсени чечүүгө болбойт. Бул университетте ийгиликке бир гана маңдай тер эмгегиңиз менен жетесиз. Башка жолу жок. Эгер аракет кылсаңыз, өтүп, окуйсуз. Бул университеттин студенттеринин арасында бөлүнүү жок. Бардык студенттер бирдей деңгээлде каралат.*

"Кыргызстанда «Манастын» модели» деген түшүнүк бар. «Манастын» модели» университет түзүлгөндөн баштап азыркыга чейинки баалуулуктардын жыйынтыгында пайда болгон модель. Моделдин алкагында: бул университетте акча берип, жең ичинен эч нерсени чечүүгө болбойт. Бул университетте ийгиликке бир гана маңдай тер эмгегиңиз менен жетесиз. Башка жолу жок. Эгер аракет кылсаңыз, өтүп, окуйсуз. Бул университеттин студенттеринин арасында бөлүнүү жок. Бардык студенттер бирдей деңгээлде каралат.

Биз окуу жайыбызды келечектин университети деп жатабыз, университетибиз бир эле учурда калыптандыруучу жана үйрөтүүчү университет. Мен бул салтты улантсым келет. Мен, албетте, бул биримдиктин, бул ажайыптуулуктун эч качан жоголбоосун жана келечекте уланышын каалайм. Бүткүл дүйнө үчүн, биринчи кезекте Түрк дүйнөсү үчүн университеттин модели катары чагылдырылышы үчүн чоң кадамдар жасалды. Мен ушул убакка чейин эмгектенген мурунку бардык башкаруу бөлүмдөрүнө жана окутуучуларга ыраазычылык билдиргим келет. Алар азыркы «Манастагы» билим берүү системасын суктанарлык даражага жеткиришти, эми бул төшөлгөн жолду андан ары аны татыктуу улантышыбыз керек".

*Биз окуу жайыбызды келечектин университети деп жатабыз, университетибиз бир эле учурда калыптандыруучу жана үйрөтүүчү университет. Мен бул салтты улантсым келет. Мен, албетте, бул биримдиктин, бул ажайыптуулуктун эч качан жоголбоосун жана келечекте уланышын каалайм. Бүткүл дүйнө үчүн, биринчи кезекте Түрк дүйнөсү үчүн университеттин модели катары чагылдырылышы үчүн чоң кадамдар жасалды. Мен ушул убакка чейин эмгектенген мурунку бардык башкаруу бөлүмдөрүнө жана окутуучуларга ыраазычылык билдиргим келет. Алар азыркы «Манастагы» билим берүү системасын суктанарлык даражага жеткиришти, эми бул төшөлгөн жолду андан ары аны татыктуу улантышыбыз керек".*

# КТМУнун жетекчилери Баткенге барып, кыргыз-тажик чек арасында жабыркаган тургундардан кабар алышты



***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев кыйын күндөрдө эл-журт менен бирге болуу максатында Баткенге барып, кыргыз-тажик чек арасында жабыркаган тургундардан кабар алышты.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС

Окуу жайдын жетекчилери Баткен районунун Ак-Сай, Лейлек районунун Максат айылындагы мектептерде болду. Баткен мамлекеттик университети жана Баткен мамлекеттик университети Түркия Динает фонду «Ыйман» гимназиясы менен таанышып, мугалимдер жамааты менен баарлашты. Жолугушууда ар тараптуу колдоо көрсөтүү боюнча пикир алышты.

Ошондой эле окуу жайдын жетекчилери кагылышуу учурунда өрттөнүп кеткен мектепте шейит болгон ата-баланын үйүнө барып, жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтышты. «Манас» университетинин баткендик студенти Алтынбек Турусматовдун да үйүнөн кабар алышты.

Университеттин ректору жана биринчи проректору КТМУнун "Манас ФМ" радиосунун түз обосуна берген маегинде Баткен облусундагы жабыркаган аймактарга баргандыгын жана билим берүү мекемелериндеги муктаждыктарды аныкташкандыктарын жана мекендештерибизге ар тараптуу жардам көрсөтүүлөрүн билдиришти.



# Профессор Б.Боркоев мамлекеттик сыйлыкка татыды

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС

Президент Садыр Жапаров Кыргызстандын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери үчүн, ошондой эле өлкөнүн Эгемендүүлүк күнүнө байланыштуу түрдүү тармактагы адистерге мамлекеттик сыйлыктарды тапшырды.

"Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наамы менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин инженердик факультетинин химия инженерия бөлүмүнүн профессору Бакыт Боркоев сыйланды.

Мамлекеттик сыйлыктарды тапшыруу аземи 2-сентябрда болуп өттү.

# Профессор К.Жанузаков «Манас» ордени менен сыйланды



КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС

Президент Садыр Жапаров өлкөнүн Эгемендик күнүнө карата Кыргызстандын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери үчүн түрдүү тармактын адистерине мамлекеттик сыйлыктарды тапшырды.

III даражадагы "Манас" ордени менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Спорт илимдери факультетинин деканынын м.а., профессор Канат Жанузаков сыйланды.

Мамлекеттик сыйлыктарды тапшыруу аземи 2-сентябрда болуп өттү.



# "Түрк дүйнөсү жаштарынын чыгармачыл маданият индустриясы" алмашуу программасынын студенттери КТМУдагы иш-чараларда

***Түркиянын Маданият жана маалымат министрлигинин алдындагы Автордук укук боюнча башкы дирекциясынын колдоосу менен "Йерли Дүшүнже" ассоциациясы тарабынан ишке ашкан "Түрк дүйнөсү жаштарынын чыгармачыл маданият индустриясы" алмашуу программасынын алкагында Газиантеп, Башкент жана Анкара университеттеринин Коммуникация факультеттеринде билим алган студенттер 2022-жылдын 26-сентябрь күнү университетибиздин ректору, профессор, доктор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор, доктор Асылбек Кулмырзаевдин кабыл алуусунда болушту. Андан соң меймандарга Кыргыз Республикасынын эл артисти, режиссер Артыкпай Сүйүндүковдун бир катар эл аралык сынактарда жеңүүчү аталган "Шамбала" тасмасы көрсөтүлдү.***

КАБАР: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ
ФОТО: МЕДИАМАНАС

Саамалыктардын экинчи күнүндө университеттин кинозалында өткөрүлгөн панелде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Коммуникация факультетинин Радио-телевидение жана кино бөлүмүнүн ага окутуучусу, режиссер Артыкпай Сүйүндүков "Кыргыз киносунун тарыхы жана бүгүнкү абалы", Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университеттин Журналистика факультетинин Коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн башчысы, доцент, доктор Бегайым Максутова "Кыргызстандагы реклама: учурдагы абал жана негизги тенденциялар", КТМУнун Коммуникация факультетинин Журналистика бөлүмүнүн ага окутуучусу, доктор Топчугүл Нармаматова "Кыргыз медиасы: кечээ жана бүгүн" аттуу темаларда студенттерге баяндама жасашты.

28-сентябрда КТМУнун Радио-телевидение мүдүрү, доктор Бүлент Намал университеттин медиа борбору "MEDIAMANAS", режиссер Артыкпай Сүйүндүков кинорежиссерлук жана Төлөмүш Океев атындагы "Кыргызфильм" студиясынын башкы директору Акжолтой Бекболотов студия тууралуу маалымат берип, өз тажрыйбалары менен бөлүштү.

Эртеси күнү алмашуу программасынын алкагында Кыргызстанга алгачкы ирет келген студенттер университеттин "MEDIAMANAS" борбору, Төлөмүш Океев атындагы "Кыргызфильм" студиясы жана Улуттук телерадио берүү корпорациясынын (УТРК) иши менен жеринен таанышышты.

Андан сырткары, Тарых музейи, "Ала-Арча" жаратылыш паркы сыяктуу бир катар маданий жайлар менен таанышып чыгышкандыгын айткан Башкент университетинин Радио-телевидение жана кино бөлүмүнүн студенти Айшегүл Йашар "Манас" гезитине Кыргызстандан алган таасирлери жана сезимдери тууралуу төмөндө кыскача ой бөлүштү: "Жыл сайын Түркиянын Маданият жана туризм министрлигинин колдоосу менен уюштурулуп келген "Түрк дүйнөсү жаштарынын чыгармачыл маданият индустриясы" алмашуу программасынын башкы максаты - кошуна жана чет өлкөлөрдөгү студенттердин коомдук-маданий алакта жаңы жерлер менен таанышуусуна жол ачуу болуп саналат. Бишкекте бир апта бою көптөгөн иш-чараларга катышып, медиа ишканалар менен таанышып чыктык. Ата-бабаларыбыз баскан топурактарда кайрадан басуу биз үчүн чоң сыймык. Бир тууганыбыз болгон кыргыз элинин меймандостугу, тамактары, улуттук оюндары баш болуп, баары купулубузга толду. Министрликтин, ассоциациянын жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жаштарга мындай мүмкүнчүлүк түзүп берип жатканы бизди аябай кубандырат".





КАБАР: АКЫЛАЙ САГЫНБЕК КЫЗЫ / КОТОРГОНДОР:
ЭЛИЗА БЕКИШОВА, КАНЫШАЙ АКМАТАЛИЕВА, АЙГЕРИМ МАМАТОВА,
ЭСЕНБОЛ НУРБЕК УУЛУ, ЖАКШЫЛЫК ЗАМИРБЕКОВА

### Жаш сүрөтчү Арстан Дукуев:

# “Айылдагы эски үйлөрдүн элесин сактап калгым келет”



Кыргызстандын айыл-кыштактарын, тоолорун, кереметтүү жаратылышын тарткан жаш сүрөтчү Арстан Дукуевдин эмгектери күн санап элдин көңүл чордонунда. Айрыкча жаратылышта тартылган сүрөттөрүнө мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде чоң көңүл бурулууда. Жаш сүрөтчү Арстан өзү дагы бүркүт сымал бийиктикке учуп, ийгиликтерди багындырсам дейт. Дукуев «Манас» гезитинин окурмандарына, чыгармачылыктын оош-кыйышы, жагымдуу жана кызыктуу учурларынан кеп салды.

**«Электр жарыгы жок болгондо, шам чырактын жардамы менен сүрөт тартчумун»**

Кичинекей кезинде бийик тоолуу аймакта жашагандыктан, оюнчуктары жокко эсе болгонун, өзүн сүрөтчүлүктөн тапкандыгы тууралуу айтып берди: «Балылыгымды бийик тоолуу жерде өткөрдүм. Кечинде электр жарыгы өчүрүлчү. Бирок, электр жарыгы жок болсо да шам чырактын жардамы менен сүрөт тартып жүрдүм. Албетте, ар бир адам балалыгында сүрөт тарттса керек. Сүрөт тартуу менин дагы чоң эрмегим болчу. Ал эми мектепте бир досум гүлдү тартса, дагы бир досум унааны тартат. Ошол учурда эле бири-бирибиз менен атаандашып жатып, кызыгуум ого бетер артты. Менин көптөгөн досторум кооз сүрөт тарта алышчу. Бирок, тилекке каршы, саналуу гана достор сүрөт тартууну улантып кеттик. Башталгыч класста, сабактан тышкары убактымды Гапар Айтиев сүрөт мектебиндеги сүрөт сабагына катышып өткөрдүм. 9-классты аяктагандан кийин Тургунбай Садыков атындагы көркөм сүрөт искусство академиясына тапшырдым. 4 жыл аралыгында профессионалдуу сүрөт тартканды үйрөндүм. Бул жерде окуп жүргөндө, Улан Сатыбаев жана Айып Алакулов сыяктуу белгилүү кыргыз сүрөтчүлөрүнөн сабак алдым”.

**“Мен эч кимди туурабай, өз стилимди түзүүнү чечтим”**

Ар бир сүрөтчү, башка сүрөтчүлөрдү туурабай, өзүнүн сүрөт тартуу стилин табуусуна чакырган Дукуев: “Сүрөтчү кандай стилде сүрөт тарткан билбеши мүмкүн. Сүрөтчүнүн стилин таап берүү - искусство сынчыларынын милдети. Мурда сүрөтчүлөр адамды же башка нерсени коёндой окшоштуруп сүрөт тартууга аракет кылышкан. Бул сүрөтчүлөр көбүнчө жабык имараттын ичинде, узун убакыт аралыгында өз иштерин жаратышкан. Ошол мезгилдерде сүрөт тартуу үчүн колдонулган шаймандар жана буюмдар абдан кымбат болгондуктан, сүрөттөрдү негизинен бай адамдар гана тартышкан. Бир нече убакыттан кийин фотограф искусствосу пайда болду. Эми жогоруда айтылган узак убакыт бою жаралган сүрөттөрдү фотоаппарат жарата баштады. Бул сүрөт искусствосундагы чоң революция деп аталат. Бул процесстен кийин сүрөтчүлөр дагы жаңы стилдерди изилдей башташты. Фотоаппарат менен тартылган сүрөттөрдү да жактырам”.

**“Ван Гогдун чыгармачылыгын жактырам”**

Жаш сүрөтчү Дукуев өзүнө жаккан сүрөтчүлөр жөнүндө мындай дейт: “Мага Винсент Виллем Ван Гогдун чыгармачылыгы жагат. Ван Гог өз ойлорун сүрөт менен ачып берет. Жөнөкөй көрүнүштү боёп жатып, ал сүрөт тартууга өзгөчө мамиле жасаган. Башкача айтканда, ал өз дүйнөсүн жараткан. Анын сүрөттөрүн көргөн адам дүйнөгө анын көзү менен карайт. Ал өз ишин аткарып жаткан учурда, анын иши бааланган эмес. Анткени анын стилиндеги чыгармалар биринчи жолу коюлган. Эмнеси болсо да, Ван Гог өзүнүн чыгармаларын жаратууну уланткан. Мен өзүмө Ван Гогдун тайманбас мамилесин үлгү катары алам. Мен анын чыгармачылыгына таң калып бүтпөй келем. Жалпысынан мага ачык түстө сүрөт тарткан сүрөтчүлөр жагат. Мисалы, армян сүрөтчүсү Мартирос Сарян, грузин сүрөтчүсү Нико Пиросмани, орус сүрөтчүлөрүнөн Николай Рерих жана Архип Куинжи. Бул генийлердин баары ачык түстөрдү колдонуп сүрөт тартышчу “.



**“Сүрөтчү сезимдерин дайыма жаңыртып турушу керек”**

Жаратылыштын табигый түстөрүнөн шыктангандыгын айткан сүрөтчү, сүрөт тартуудан мурун алган илхамы тууралуу мындайча айтып берди: “Мен кээде кыргыз обондорун, казак домбрасын, араб музыкасын угам. Көптөгөн адамдар илхам күтүү туура деп айтышат. Менин оюмча күтүү-бул убакытты текке кетирүү. Эгерде тартиптүү иш кабыл алынбастан, илхам гана күтүлсө, көп убакыт жоголот. Сүрөтчүлөр ар дайым эмоцияларын жаңыртып, жаңы адамдар менен таанышып, китеп окуп, ошону менен өз ойлорун өрчүтүшү керек. Бул айтылгандар жасалса, илхам өзүнөн өзү келет. Ошондой эле айта кете турган нерсе - Сүрөтчүлөр бир жерде жана бир позицияда турбашы керек, алар ар дайым кыймылда болушу керек. “Тартиптүү иш - илхамга караганда күчтүү”. Бул ой мен үчүн өтө маанилүү. Мен ар кандай иштердин, адамдар менен баарлашуунун негизинде сүрөттөрдүн сюжеттерин түзөм. Менден да күчтүү адамдар, талантуу сүрөтчүлөр менен сүйлөшкөндү жакшы көрөм. Ошентип, мен живопистин темасын кадимки жашообуздан эле табам.»

**«Менин эң кооз сүрөттөрүм айылдарда, тоо арасында жаралган»**

Сүрөтчү Дукуев, башкаларга сүрөттөрү аркылуу бергиси келген негизги билдирүүлөрү тууралуу мындай дейт: “Ар бир адамдын жашоосунда аны бактылуу кылган нерселер болот. Маселен, кээ бирөөлөргө шаар жашоосу жакса, кээ бирөөлөргө табият, тоолор жагат. Адам бала кезинен кандай чөйрөдө чоңоюп, эмнеден таасирленсе, кийин алардын таасиринен эч жерге кача албайт тура. Мага айылдын жашоосу, жаратылышы, тоолору шык берет. Шаар тууралуу сүрөттөрүм да бар, бирок менин эң кооз эмгектерим айылдарда, тоолор арасында жаралган. Мен тоолордо жана табигый чөйрөдө өзүмдү тынч сезем. Чыгармаларымда айылдын текстурасын, үйлөрдү, короолорду, көчөлөрдү көрсөткүм келет. Көбүнчө айылымды тартам. Бир эле айылда, жадакалса бир чөлкөмдө да көп өзгөрүүлөр болот. Бүгүнкү күндө баары өзгөрүүдө. Айылдын атмосферасы да өзгөрүүдө. Эски үйлөрдүн, сарайлардын көрүнүшүн сактап калгым келет. Эми гүлдөрдүн да сүрөтүн тарта баштадым”.



**“Дагы көбүрөөк иштеп, өзүмдү өнүктүрүүгө аракет кылам”**

Келечекте ар кандай жанрда сүрөт тарта турганын билдирген Дукуев: “Мен бирөөнү туурагым келбейт. Тарткан сүрөттөрүм ар тараптуу болушун каалайм. Бирок стилимди өзгөрткүм келбейт. Стилимди сактоо менен мен өзүмдү көбүрөөк иштөөгө жана өнүгүүгө багыттайм. Сүрөттөрүмдү көргөндөр “Бул Арстандын эмгеги экен” деп билиш үчүн кол тамгамды койгум келет. Жаңы чыгармаларым менен таанылгым келет. Баары убакыттын өтүшү менен келет. Мурда ийгиликке жетүү үчүн 6 ай же бир жыл керек деп ойлочумун. Бирок бизнесте ийгиликке жетүү үчүн көп жылдарды курмандыкка чалыш керек экенин түшүндүм. Адам курсагы ачса да ишин улантыш керек. Мен буга бөркүмдөй эле ишенем. Үзгүлтүксүз жаңы нерсе талап кылынганда, бар нерселерди жоготуп алуу коркунучу да өтө жогору. Биз бир максатка багыт алганда, колдо болгон нерселерди колдонуп ийгиликке жетүүбүз керек. Атактууларды туурабашыбыз керек, антпесек алардын көлөкөсүндө калып кала беребиз. Биздин планетада миллиарддаган адамдар бар болсо да, ар бир адамдын өзгөчөлүгү бар. Мен да өзгөчөлүгүмдү жоготкум келбейт”.

**“Чет өлкөлөрдө импрессионизм стили абдан кызыктуу жана популярдуу”**

Сүрөтчү Арстан Дукуевдин сүрөттөрү интернетте кеңири таанылган. Америкадан, Германиядан, Орусиядан, Канададан чыгармаларын сатып алгандар да бар. Чыгармаларына чет өлкөдөн чоң кызыгуу бар экенин белгилеген Дукуев: “Чыгармаларымды көбүнчө интернетке чыгарып, ал жактан таанытуудамын. Башка өлкөнүн искусство сүйүүчүлөрү интернеттен көрүп, социалдык тармактарда бири-бири менен бөлүшүшөт. Ушул сөзүмдү белгилеп кетмекчимин: Бүгүн эмгектериңди, сүрөттөрүңдү интернетке таратпасаң, сен эч ким эмессиң! Социалдык медиа бүгүнкү күндө абдан маанилүү, анткени ал бизге ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Ошондуктан замандын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу зарыл. Сүрөттөрүңдү сатсаң, боёк сатып аласың жана көбүрөөк сүрөттөрдү тартасың. Бирок учурда “Манас” университетинде иштегендиктен, күчүмдүн көбүн ушул жерге коротуудамын. Сүрөттөрүмдү жумуш убактысынан тышкары тартам. Мен сүрөт тартып, бир гана сүрөтчү катары таанылгым келет. Жалпысынан импрессионизм стили чет өлкөлөрдө абдан кызыктуу жана популярдуу. Тоолордо, айылда тарткан сүрөттөрүмдү Германияга, Америкага сатканга жетиштим. Мен үчүн бул азырынча башталышы гана. Социалдык тармактарда канчалык көп катталуучуларың болсо, сүрөттөрүңдү ошончолук көп адам көрөт жана сатып алышат. Бул да бир өзүнчө ыкма. Учурда сүрөттөрүмдүн фото жана видеолору менен бөлүшүүгө аракет кылып жатам”, - деди.



**“”’Күүгүм” деген сүрөтүм өзүмө жагат”**

Чыгармалары көп экенин жана чыгармаларынын бирин тандоо кыйын экенин айткан Дукуев эң жакшы көргөн чыгармасын айтып, себебин мындайча түшүндүрдү: “Күүгүм” деген сүрөтүм өзүмө жагат. Анткени бул сүрөттү мен үчүн маанилүү инсан Болот Шерниязовго туулган күнүнө белекке бергем. Тилекке каршы, ал киши кайтыш болуп кетти. Убагында Шерниязов менен бат-баттан жолугуп, баарлашып турчубуз. Ошондой эле, ал мага өзүнүн тажрыйбасынан бөлүшүп, мүмкүнчүлүктү туура пайдалануу боюнча айтып, туура жолду табууга кеңеш берген”.

**«Чыгармаларымды дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө көргөзмөгө койгум келет»**

Жаш сүрөтчүнүн дүйнөнүн төрт бурчуна сүрөт көргөзмөсүн уюштурсам деген кыялы бар: «Келечекте дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө эмгектеримди көргөзмөгө коюу кыялым. Европада болгум келет. Бирок европалык искусство сүйүүчүлөрүн таң калтыруу кыйын болсо керек деп ойлоп жатам. Кытайда, Америкада, Россияда көргөзмөлөрдү уюштургум келет. Азырынча бул нерселер кыял. Бирок, мүмкүн болбогон эч нерсе жок.

# БИР ТУУГАН ЭКИ ЭЛГЕ КӨПҮРӨ – КЫРГЫЗ-ТҮРК “ДОСТУК” ООРУКАНАСЫ



*Кыргыз-түрк “Достук” мамлекеттик ооруканасы 2018-жылдын 1-сентябрында Түркия жана Кыргыз өкмөттөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде ачылган. Ага ылайык, бейтапкана үч жыл орток башкарылып, андан соң толугу менен кыргыз тарапка өткөрүлүп берилет. Бул макалабызда башкы дарыгер Хүсейин Үнсал Эрчелик бир тууган эки өлкөнүн тилектештигинин үлгүсү болгон кыргыз-түрк “Достук” ооруканасынын кыргыз элине көрсөткөн кызматтары тууралуу айтып берди.*

HABER: ГҮЛДАНА НУРМУХАММЕД КЫЗЫ

Кыргызстандын Саламаттыкты сактоо тармагындагы реформасына салым кошуу менен биргеликте медицина кызматкерлеринин тажрыйбасын арттырууну максат кылган кыргыз-түрк “Достук” ооруканасы 2021-жылдын 17-октябрында өз ишин баштаган. 72 орундуу бейтапканадагы жети бөлүмдө кардиология, кан-тамыр жана көкүрөк оорулары бар жарандарга жогорку деңгээлдеги ыкмалар, заманбап жабдуулар менен операциялар жасалып, дарылоо жүргүзүлөт. Андан сырткары, “Тез жардам” кызматы да чукул кырдаалдар үчүн даяр турат.

### “Ар бир бейтап ыраазы болуп кайтууда”

Ооруканада 98 түрк жана 50 кыргыз дарыгеринин эмгектенерин баса белгилеген башкы дарыгер Эрчелик кыргыз бейтаптарынын кызмат көрсөтүүлөргө болгон пикирлери тууралуу төмөнкүлөргө токтолду:

“Бизге кайрылган ар бир жаран ыраазы болуп үйүнө кайтууда десем жаңылышпайм. Бейтаптарыбыз мейли, бул жерде, мейли, сакайып чыккандан кийин болсун, ар дайым жылуу пикирлерин айтып турушат. Алар өзгөчө оорукананын тазалыгына, ыңгайлуулугуна жана заманбап технологиялар менен чөнтөккө чак келген баада көрсөтүп жаткан кызматыбызга таң калышат. Түркиядан келген адистерибизге болгон элдин мамилеси да суктандыраарлык. Ал эми кадрларыбызда тил маселеси жаралбашы үчүн ар бир бөлүмдө 1 кыргыз жана 1 түрк дарыгери иш алып барат”.











*Бизге кайрылган ар бир жаран ыраазы болуп үйүнө кайтууда десем жаңылышпайм. Бейтаптарыбыз мейли, бул жерде, мейли, сакайып чыккандан кийин болсун, ар дайым жылуу пикирлерин айтып турушат. Алар өзгөчө оорукананын тазалыгына, ыңгайлуулугуна жана заманбап технологиялар менен чөнтөккө чак келген баада көрсөтүп жаткан кызматыбызга таң калышат.*

### “Жүрөк хирургиясы боюнча бардык шарттар түзүлгөн”

Жүрөк-кан тамыр жана кардиологиялык көйгөйлөрдү дарылоого басым жасаша тургандыгын айткан башкы дарыгер айрыкча, толук кандуу текшерүүдөн өтүүнү каалаган жана хирургиялык ыкма керек болгон жарандар да көп кайрыларын кошумчалады.

-Жасалган операциялар тууралуу айта турган болсом, азыркы учурда By-Pass, AVR, MVR, Tc De-Vega жана аннулопластика өңдүү жүрөк клапандарын алмаштыруу, жүрөк аневризмасын (жүрөктүн сырткы клеткаларынын ичкерип жана чоюлуп кетүүсү) калыбына келтирүү, ыкчам хирургиялык кийлигишүүнү талап кылган колко тамырдын чукул катмарланып жана жарылып кетүүсү сыяктуу дегеле, жүрөк хирургиясы боюнча маселелерде текшерүү жүргүзүп, жардам берүүгө мүмкүнчүлүктөрүбүз бар.

### “Тазалык жана ыңгайлуулук – элдин тандоосу”

Каарманыбыздын айтымында, башкы миссияларынын сап башында кыргыз элинин ден соолугуна кам көрүү болгон “Достук” ооруканасындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн баасынын төмөн болушуна ар дайым көңүл бурулат. Ал эми аз камсыз болгон жарандарга жана кызматташуу боюнча келишим түзүлгөн ишканалардын кызматкерлерине администрациянын уруксаты менен арзандатуулар сунушталып турат.

Маегибиздин соңунда башкы дарыгер Хүсейин Үнсал Эрчелик бейтапкананын техникалык жабдуулары тууралуу кеп кылды.

-Бул жердеги ар бир бөлмө заманбап медициналык шаймандар менен камсыздалган. Карамагыбызда ангиография, маммография, санарип рентген, эндоскопия жана колоноскопия өңдүү бир катар аппараттардын акыркы муундагы үлгүлөрү бар. Кыргыз-түрк “Достук” ооруканасы тазалык, ыңгайлуулук жана баа саясаты критерийлери боюнча башка ооруканаларга салыштырмалуу алдыда десем жаңылышпайм.

# Жан аттуга кам көргөн ветеринария факультети

HABER: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА / ФОТО: МЕДИАМАНАС





*Биз Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ветеринария факультетине барганыбызда, студенттер профессорлору менен биргеликте операцияга кирип бара жаткан учуруна туш келдик. Итти операцияга даярдап жаткан студенттердин кыймыл-аракети кадыресе дасыккан адистердей шамдагай, ишенимдүү. Эки-үч студент операциядан кийинки жандандыруу бөлмөсүндө жаткан иттер менен алек болуп жатышыптыр.*

Факультеттин клиникасы кадимки ооруканадан эч айырмасы жок. Бардык зарыл шарттары бар. Ооруган жаныбарларды кабыл алуучу жай, операция жасалчу бөлмө, жандандыруучу бөлмөлөр, жаныбарлардын дарылануучу бөлмөлөрү, рентген бөлмөсү, үй жаныбарларынын ээлери үчүн күтүп отура турган бурч. Айтор, мындай бардык шарттары бар клиникада иштөө ар бир ветеринардын кыялы болсо керек.

Бизди ветеринардык факультеттин эки профессору проф. докт. Абузер Таш жана проф. докт. Хасан Хүсейин Ары тосуп алышып, факультеттин ишмердиги менен тааныштырып чыгышты.

### Ветеринарлар төрт жыл эмес, беш жыл окушат

2008-жылы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ветеринария факультети ветеринариядагы соңку мезгилдеги технологияны жана илимий жетишкендиктерди өздөштүргөн адистерди даярдап чыгаруу максатын көздөп ачылган.

Учурда ветеринардык факультеттин окуу системасы, мөөнөтү башка факультеттерге караганда өзгөчө десек болот. Учурда башка факультеттер бакалавр программасы боюнча төрт жыл окушса, ал эми болочок ветеринарлар беш жыл окуп дипломго ээ болушат. 1-2-курстарда жалпы сабактар менен чектелген студенттер 3-курстан баштап жаныбарлардын саламаттыгын текшерип, даярдоо процессине катышып, кадыресе адистик ишмердигин башташат. 3-курстун 2-жарым жылдыгында студенттердин убактысынын көбү клиникада өтөт. Ал эми 4-курска келген студенттер толугу менен клиникада күн кечирип, тажрыйбасын өстүрүү менен алек болушат.

- Башка факультеттерден айырмабыз, окуу мөөнөтүбүз 4 курс менен эмес, 5 курс менен бүтөт. Ошол акыркы 5-курста студент толук ветеринар адиси катары жаныбарлардын илдетин аныктоодон баштап, операция жасоо, калыбына келтирүү, айыгуу мезгилине чейинки көзөмөлдү өзү жүргүзө алгыдай даражага жетет. 5-курстагы соңку практикалык тажрыйбага өтүү үчүн студент төрт жыл ичинде калып калган, же өтпөй калган бир дагы сабагы болбошу керек. Практикалык мөөнөттү ийгиликтүү аяктагандар мамлекеттик экзаменди тапшырып, ветеринардык адистик боюнча дипломун ала алышат, - дейт проф.,докт. Хасан Хусейин Ары.

Студенттердин практикалык иштери факультеттин клиникасы менен эле чектелбейт. Алар маал-маалы менен Кыргызстандын түрдүү аймактарындагы ири чарбаларга барып, дартка чалдыккан мал-жанды изилдеп, дарылап, иш жүзүндө кесипкөйлүгүн арттырып келишет.

### Жолбун ит жарадар шеригин сүйрөп келген клиника

Факультеттин клиникасына түрдүү жаныбарлар келип түшөт. Мышык, ит сыяктуу үй жаныбарларынан тышкары, кыргоол, бөдөнө, карга, бүркүткө чейин алып келишкен учурлар болот.

- Биз клиникабызга ит, мышыктан баштап, тыйын чычкан, кирпи, бүркүт болобу, айтор, кандай жаныбар жардамга муктаж болсо, баарын кабыл алабыз. Кээде көчөдөн таап алдык деп, канаты кайрылган көгүчкөндү алып келишет. Көп учурда таап алган жапайы жаныбарларын, канаттууларды бизге биротоло таштап кетишет. Бирок, айрым учурда таап алган киши жарадар жаныбарды же канаттууну кыя албай, дарылоо процессине да катышып, айыкканга чейин үйүндө багып, бизге процедураларга ташып апкелип турган учурлар да бар. Бирок жапайы жаныбарларды айыккандан кийин сөзсүз жаратылышка эркин коё беребиз.

КТМУнун ветеринардык факультетинин мындай камкордугун жолбун иттер да билет. Кайсы бир жылы машине уруп кеткен жарадар итти башка бир ит сүйрөп келип клиниканын астына таштап кеткен. Жолбун иттин шеригин сүйрөп келгени университеттин камераларына түшүп калган. Бул окуя ошондо коомчулукка чоң резонанс жараткан эле. Макулук дегенибиз менен айбанаттар баарын, жакшылыкты да, жамандыкты да, билишет, сезишет тура. Болгону аларда адам түшүнө турган тил гана жок.

### Бүгүнкү күндө ветеринар жумушсуз калбайт

Учурда жалпы ветеринария дегенибиз менен ал түрдүү тармактардан турат. Ошого жараша ветеринария адистеринин жумуш оруңдары да түрдүү-түмөн. Болочок ветеринарларды да факультетте түрдүү тармак боюнча даярдашат.

- Мисалы, малды азыктандыруу өзүнчө тармак, ага атайын билим керек. Бул тармактагылар тоют заводдорунда иштей алышат. Мындан тышкары касапканаларда, сүт азыктарын даярдаган жана саткан жерлерде иш оруңдарын таба алышат. Клиникалык кызматтарды мыкты өздөштүргөн студенттер мекемелерде же уюмдарда ветеринар болуп иштесе болот. Биз генетикалык жаныбарларды аргындаштыруу экономикасы сыяктуу курстарды окутабыз, алар бул тармактагы тиешелүү лабораторияларда иштей алышат. Микробиология, гематология, биохимия сыяктуу сабактарды алгандар, чоң медициналык ишканаларда болбосо дагы, патология, микробиология сыяктуу лабораторияларда иштей алышат, - дейт проф. докт. Абузер Таш.

### «Жаныбарларды сүйбөгөн адам, адамдарды да сүйө албайт»

Ветеринар адиси болушу үчүн жаныбарларды сүйүү керек деп бир ооздон ветеринария профессорлору баса белгилешти.

- Кесипти сүйбөй туруп, ийгиликке жетүү өтө кыйын. Дегеле жаныбарларды сүйбөгөн адам, адамдарды да сүйө албайт. Биздин, ветеринарлардын, жасап жаткан иши бир гана жаныбарларга багытталбайт, ал баарынан мурда адамдардын саламаттыгына арналат. Адамдар ветеринардын көзөмөлүндө өндүрүлгөн азык-түлүк менен азыктанат. Түрдүү илдеттер жаныбарлардан адамдарга жугушу мүмкүн. Толгон-токой илдеттер, алсак, цианоз, эхинококкоз сыяктуу коркунучтуу мите оорулары кездешет. Булардан арылуу жолун табуу менен адамдардын дени сак жашоосуна кам көрөбүз, - дейт проф. докт. Абузер Таш.

### "Кумайык" долбоору: Кароосуз жаныбарларга камкордук

Азыркы учурда КТМУнун ветеринария факультети «Кыргыз-француз экотуризм» уюму менен биргеликте "Кумайык" аттуу долбоордун үстүндө иштеп жатышат. Негизи бул долбоордун Кыргызстанды жана «Манас» университетин эл аралык деңгээлде таанытууда ролу чоң болмокчу. Долбоор Кыргызстанда кароосуз калган жаныбарларды көзөмөлдөөнү жана аларды реабилитациялоону камсыз кылуу максатын көздөйт. Кароосуз калган жаныбарлардын саны канчалык көп болсо, алардын саламаттыгын көзөмөлдөө, дартка чалдыккандарын калыбына келтирүү өтө кыйынга турат.

- Бул долбоордун алкагында биз жылына болжол менен 1000-1500 операция жасайбыз. Мындан тышкары, келген жаныбарларды паразиттерге каршы эмдейбиз, аларды көзөмөлгө алып, илдети болсо, дарылайбыз. Буга байланыштуу Кыргызстандагы мамлекеттик муниципалитеттер, бейөкмөт уюмдар, ассоциациялар менен карым-катнаштарды түзүп, коомчулуктун жаныбарларга болгон сүйүүсүн жана көчө жаныбарларына болгон көз карашын жакшыртуу боюнча демилгелерди көтөрүп келе жатабыз, - деди проф. докт. Абузер Таш.

### «Жаныбарларга чогуу-чаран камкордук көрбөсөк болбойт»

Ветеринария факультети Кыргызстандагы ветеринардык окуу жайлар менен тыгыз кызматташып, коомчулук менен байланышты чыңдоонун үстүндө кызуу иш алып барып келерин айтат проф.,докт. Абузер Таш.

- Бүгүнкү күндө биздин факультет Кыргыз улуттук агрардык университети, Ош, Жалал-Абаддагы жогорку окуу жайларындагы факультеттер, ветеринардык лицейлер менен тыгыз кызматташып келебиз. Муну менен Кыргызстандагы мал чарбачылыгы менен алектенем деген студенттердин бул тармакка болгон кызыгуусун арттырып, заманбап билим алуусуна өбөлгө түзүүнү көздөйбүз. Окуу жайлардан тышкары учурда мал чарбачылыгына тиешелүү бардык мекемелер, уюмдар менен да байланышыбыз бар, алар менен ар түрдүү келишимдерди түзүп кызматташып жатабыз.

Мындан тышкары жалпы коомчулукка мал-жандыктын саламаттыгы, кароосуз айбанаттардын саламаттыгы адамдардын саламаттыгына түздөн-түз таасирин тийгизери тууралуу түшүндүрүү иштерин коомчулуктун арасында жигердүү жүргүзүшүбүз керек деп бир оздон белгилешти ветеринария окумуштуулары. Муну акыркы жылдары дүйнөнү каптаган Ковид вирусу дагы бир жолу таасын далилдеди. Ковидди да вирусологдор, инфексионисттер, башкача айтканда, жан аттуунун баарын көзөмөлдөп изилдеген адистер аныктап, бул апаат чакырган илдеттен адамзаттын аман калышы үчүн опол тоодой салым кошушту деп кошумчалашты проф. докт. Абузер Таш жана проф. докт. Хасан Хүсейин Ары.

КТМУнун ветеринария факультетинин профессорлук-окутуучулук жамааты өз ишине олуттуу караган студенттери менен окуу процессинен тышкары, бир катар илимий долбоорлорду ишке ашырып, практикалык тажрыйбаларынын негизинде ири ветеринардык клиникалар жүргүзө турган ишти кошо алып барып жатканы университетибиздин коомчулукка кошкон дагы бир ири салымы демекчибиз.



# Өндүргөн азык-түлүктөрү менен таанылган КТМУнун айыл чарба факультети



*2022-жылдын февралында Украина менен Орусиянын ортосундагы согуштан кийин дүйнө дан кризисине туш болду. Айрыкча, пандемиядан кийин эле, дүйнөдө эң көп эгин өндүрүп экспорттогон бул эки өлкөнүн ортосундагы согуштун кесепетинен айыл чарбада курч абал түзүлүп калды. "Манас" гезитинин бул санында бүткүл дүйнөнү каптаган дан кризиси жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин айыл чарба факультетинин өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүүгө кошкон салымы тууралуу маекти сунуштайбыз. Биз менен маектешкен аталган факультеттин деканы проф. докт. Атилла Дурсун болду.*

HABER: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА, ФЫРАТ АЖАР / ФОТО: МЕДИАМАНАС / КОТОРГОН: БЕКЗАТ АКИМАЛИЕВ

***- Сөзүбүздүн башында айыл чарба факультети менен кенен таашынып алсак, анын тарыхы, бөлүмдөрү тууралуу кеп баштасаңыз?***

- Жакшы болот, «Манас» университетинин курамында айыл чарба факультети 2007-жылы ачылып, дароо бир жылдан кийин эле студенттерди кабыл ала баштаган. Учурда бизде айыл чарба факультетинде 3 бөлүм бар. Алар: мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү, өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү жана зоотехния бөлүмү. Бирок зоотехния бөлүмүндө азырынча студент жок. Мурда студенттери болгон, тандоо жок болуп жабылууга туура келди. Ошондуктан, азыркы учурда 2 бөлүм: мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү жана өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү өз ишин алып барып жатат. Эки бөлүмдөгү ар бир курста 20дан ашык студент билим алууда.



***- Айыл чарба адистерин даярдоо үчүн кандай лабораторияларыңыздар бар?***

- Факультетибизде биотехнология, мөмө-жемиш өсүмдүктөрү, талаа өсүмдүктөрү, тоют өсүмдүктөрү, азыктандыруучулук, үрөнчүлүк, өсүмдүк клиникасы, өсүмдүк патологиясы, молекулалык биология жана биотехнология, энтомология, нематология, гербология лабораторияларыбыз бар. Ар бир сабактын практикасы ушул лабораторияларда ишке ашат. Аны менен катар бизде талаа, жабык күнөскана жана ачык аянттарыбыз да бар. Мөмө болобу, жашылча болобу, деги эле баары ушул жакта окутуучулардын катышуусунда айдалып өстүрүлөт. Студенттер бул курстарда алган билимдерин талаада, ачык талаада жана күнөсканада теориялык да, практикалык да жактан өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Демек, студент өз кесибине ар тараптуу даярдык көрөт. Бул, албетте, студенттин адис катары жетилишине зор пайдасын тийгизет.

***- Факультетте студенттердин келечектеги кесибине, окуу процессине болгон кызыгуусун арттыруу боюнча кандай иш-чаралар уюштурулуп турат?***

- ооба, студенттерибиз үчүн ар кандай иш-чараларды уюштуруп турабыз. Жеке сектор компаниялары менен кызматташуубуз бар, студенттерибизди карьера күнү сыяктуу иш-чараларда ал компаниялар менен жолугуштурабыз. Студенттерди ал компанияларга маал-маалы менен сабакка, практикага жөнөтүү менен ошол ишканаларда ишке орношуусуна түрткү беребиз. Учурда Кыргызстандагы айыл чарба ишканаларында иштеген кызматкерлердин көбү биздин студенттер. Жетекчиликтен баштап катардагы адистердин дээрлик басымдуу бөлүгү «Манас» университетинин бүтүрүүчүлөрү. Айрыкча, көпчүлүк студенттер стажировкадан өткөн ишканасына жагып, иштеп калган учурлар арбын болот.



***- Стажировка деп калдыңыз, студенттер кайсы курстан баштап практикага чыга башталат?***

- Айыл чарба адистигинде окуган студенттер үчүн 1-курстан тартып эле практика башталат десек болот. Ар семестрде практикалык сабактар өтүлөт. Негизи 2-курста 20 күн, 3-курсту аяктаганда 30 күн атайын стажировкадан өтүшөт. Бул стажировкада өзүбүздүн факультеттин же илимий-изилдөө институттарынын практика өтөөчү ишканаларында жана жеке сектордун өндүрүштүк бөлүмдөрүндө иштеп тажрыйба алышат. Ошондуктан окуу жайын бүтүргөнгө чейин жеке сектордун да, мамлекеттик кызматкерлердин да кандай иш жүргүзүп жатканын көрүп, жеринен үйрөнүшөт.

***- Сиз практикалык сабактар тууралуу айттып өттүңүз. Практикалык сабактар кандай өтүлөт? Бул сабактардын алкагында эмнелер өндүрүлөт?***

- Практикалык сабактарда дыйкан чарбачылык, багбанчылыктын негиздери үйрөтүлөт, декоративдүү жана талаа өсүмдүктөрүн тиешелүү лабораторияда жана талаада өстүрүү техникасын өздөштүрүшөт, аларды зыянкечтерден коргоо иштери жүргүзүлөт. Мунун негизинде бутоо, үрөн себүү, көбөйтүү, өсүмдүктөрдүн илдеттерине жана зыянкечтерине каршы күрөшүү ыкмалары ж.б.у.с темалар практикаланат. Мисалы: помидор уруктары, баклажан уруктары кандай өндүрүлөт? Бул уруктар кантип канча сантиметр тереңдикке себилет? Көчөттү кантип өстүрөбүз? Көчөттөрдүн аралыктары канча болушу шарт? Помидорду күнөсканада кантип отургузабыз? Кош катар тигебизби же бир катарда тигебизби? Мунун баарын студенттерге имараттын ичинде да, сыртында да практика жүзүндө көрсөтөбүз. Башкача айтканда, үрөн себүүдөн баштап түшүм жыйноого чейинки мезгилди иш жүзүндө көрүп, өз кесибин үйрөнүшөт. Сабактарда алган теориялык билиминин натыйжасын практикада көрүп, өсүмдүктөрдүн физиологиясын көзөмөлгө алуу менен үйрөнөт. Бул иш студентке олуттуу тажрыйба жана билим берет. Мындан тышкары, бул мезгилде помидор, калемпир, капуста, баклажан, коон, дарбыз, бадыраң, алма, алмурут, кара өрүк, өрүк, жүзүм ж.б. өсүмдүктөр өстүрүлөт.

***- Күнөсканада факультетиңиздер өндүргөн азык-түлүктөрдү каякка өткөрөсүздөр, алар кандай пайдаланылат?***

- Негизинен университетибиздин ашканасына жөнөтөбүз. Мындан тышкары, социалдык жоопкерчилик долбоорунун алкагында өстүргөн продукциябыз ректоратыбыз тарабынан муктаж болгон жерлерге же коомдук уюмдарга жөнөтүлөт.

***- Урук, көчөттөрдү кайдан алып келесиздер?***

- Бизди үрөн, көчөт жана эмгек шаймандары менен негизинен ректорат камсыз кылат. Андан тышкары, гранттардын же демөөрчүлөрдүн колдоосу менен да келип турат. Кээде Түркиядагы мамлекеттик университеттерден, илимий институттардан, жеке фирмалардан ж.б.у.с. жерлерден эки тараптуу сүйлөшүүлөр, гранттар аркылуу да алабыз.

***- Факультеттин талаа изилдөөлөрү да болсо керек. Ошолорго да ткотоло кетсеңиз.***

- Кыргызстанда жашылча өндүрүү, жер-жемиштин сортун байытуу жана жашылчаларды керектөө өтө төмөн. Биз муну эске алып, Кыргызстанда дыйкандарга айдаган жер-жемишинен киреше табууну жана альтернативалык сортторду өстүрүүнү үйрөтүү максатында бир магистратурада окуган студентибизге диссертациялык ишинин практикалык бөлүгү катары коон айдаттык. Коондун 10 сортун текшерүүдөн өткөрдүк. Коондун бул 10 сортунун көрсөткүчтөрүн аныктап чыктык. Эми ошол көрсөткүчтөрдү эске алуу менен изилдөөнүн натыйжасын дыйкандарга сунуштайбыз. Бул иштин негизинде студентибиз магистрдик диссертациясын жактайт, биз изилдөөнүн жыйынтыгын жарыялайбыз. Кайсы сортторду кантип өндүрүп, кандай киреше тапса болорун аныктап алабыз. Белгилей кете турган нерсе, бул изилдөө Кыргызстандын жашылча-жемиш өндүрүүсүнө өз салымын кошот. Анткени Кыргызстан керектеген жашылча-жемиштин 85 пайызын сырттан сатып алып, 15 пайызын гана өзү өндүрөт. Андыктан Кыргызстандын генетикалык ресурстарын ишке киргизүү менен өндүрүштүн көлөмүн жана продукциянын түрдүүлүгүн көбөйтүүбүз керек. Базарда жашылчалардын бардык түрү болушун жана ар кайсы мезгилде ар кандай жашылча түрлөрүн өндүрүү менен жыл бою өндүрүш үстүндө эмгектенүүсүн, өндүрүүчүнүн кирешесин көбөйтүүнү максат кылуудабыз. Биз өзүбүздүн потенциалыбызды арттырып, студенттерибизге жана магистранттарга багыт берип, өлкөгө көбүрөөк салым кошкубуз келет.

***- Кызык экен. Бул магситрлик иш тура, ал эми студенттер дипломдук иштерин кантип даярдашат?***

- Биз факультетибиздин студенттерине дипломдук ишти 3-курстун аягында, же болбосо 4-курстун башында беребиз. Дипломдук иштин темалары Кыргызстандын айыл чарбасы үчүн пайдалуу жана актуалдуу маселелерге карата тандалып алынат. Дипломдук ишинде студент кандайдыр бир маселенин үстүндө иштөө менен чечүү жолун тапкандыгын толук көрсөтүп, аныктап берет.






***- Мисалы, ветеринар биринчи кезекте жаныбарларды сүйүшү керек эмеспи. Ал эми айыл чарба адиси кандай сапаттарга ээ болушу керек?***

- Айыл чарба адиси биринчи кезекте жаратылышты, эмгекти сүйүшү керек. Табиятты, жандууларды, эмгекти сүйбөгөн студент, жакшы айыл чарба адиси боло албайт. Биз студенттерибиздин эмгекчил, билимдүү, чет тилдерин билген, жаңычыл жана мыкты ишкер болуп чыгышы үчүн бардык аракетибизди жумшайбыз.

***- Бүгүнкү күндө айыл чарба факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү кандай?***

- Биздин бүтүрүүчүлөр жеке менчик ишкананын өсүмдүк өндүрүшүндө, көчөт өндүрүү, илимий изилдөө бөлүмдөрүндө жана Айыл чарба министрлигинин бөлүмдөрүндө иштеп кетишет. Өздөрү жеке ишкана ачып кеткендери да бар.

***- Маегибиздин аягында кошумчалай кетчү сөзүңүз барбы?***


- Тамак-аш маселеси биздин жашообузда өтө маанилүү роль ойнойт. Мисалы, коронавирус эпидемиясы жана Орусия-Украина согушунун натыйжасында пайда болгон дан кризиси ар бир мамлекеттин өзүнө жетиштүү деңгээлде азык-түлүктү өндүрүүсү керектигин көрсөттү. Кээде акчаң колуңда бар туруп, тамакка жете албай калган учурлар болушу мүмкүн. Ошол себептен ар бир мамлекет үчүн айыл чарбасынын орду жана ролу чоң. Өнүккөн өлкөлөр дагы биринчи кезекте айыл чарбадагы көйгөйлөрүн чечип, бул тармакты өнүктүрүүнүн үстүндө иштешет. Анткени тамак-аш тармагында башка өлкөгө көз каранды болуу өтө чоң кыйынчылыктарды жаратат.

# Коммуникация факультетине ТРТден маанилүү сыйлыктар

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС

Коммуникация факультети Түркиянын Телерадио берүү мекемеси (ТРТ) тарабынан уюштурулган “Келечектин журналисттери” сынагынан бир нече сыйлыкка ээ болду.

Анда Амантай Шакировдун “Курманбек” тасмасы “анимациялык тасма” категориясында биринчи орунду, Сезим Акинованын “Ата мурасы” даректүү тасмасы экинчи орунду жана Акак Бердибекованын “Жаңы кадам” кыскаметраждуу тасмасы да экинчи орунду алды. Сынак 4 негизги категорияда жана 13 подкатегорияда өттү. Быйыл сынакка 115 ЖОЖдон 2213 студент 1615 эмгек менен катышкан.









# Журналистика бөлүмүнүн студенттери драматеатрда

***Устүбүздөгү жылдын 21-октябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн 1-курсунун студенттери борбор калаабыздагы Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драматеатрына барышты.***

КАБАР: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА, ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ
ФОТО: МЕХРАФРУЗ НАБИЕВА



Кенже илимий кызматкер Зеки Окйайдын коштоосундагы студенттер аталган театрда жазуучу Чыңгыз Айтматовдун “Саманчынын жолу” чыгырмасынын негизиндеги спектаклге күбө болушту. Андан соң ал жердеги сүрөт галерясын да кыдырышты.

Кошумчалай кетсек, аталган иш-чара болочок журналисттердин сабактар менен гана чектелбестен, коомдук иштерге активдүү катышып, маданий баалуулуктарга маани берүүсүн максат кылат.



# «Түрк дүйнөсү» даректүү тасмалар фестивалынын байгелери тапшырылды

***2022-жылдын 20-октябрында университетте «Түрк дүйнөсү» даректүү тасмалар фестивалынын сыйлыгын тапшыруу аземи болуп өттү. Иш-чарада байгеге ээ болгон тасмалар да көрсөтүлдү.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС/ ФОТО: МЕДИАМАНАС



Аземге Түрк дүйнөсүнүн журналисттер федерациясынын төрагасы, Түрк дүйнөсүнүн даректүү фильмдер фестивалынын уюштуруу комитетинин төрагасы Мендерес Демир, Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган, университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана университеттин окутуучулары менен студенттер катышты.

7-ирет өткөрүлгөн «Түрк дүйнөсү» даректүү тасмалар фестивалында “студенттик даректүү тасмалар” категориясында коммуникация факультетинин радио, тв жана кино бөлүмүнүн 4-курсунун студенттери Шайыр Бакытбекова «Көпүрө» аттуу документалдуу фильми менен биринчилик орунга, ал эми Айымкүл Темирбек кызы «Мурас» тасмасы менен «калыстардын атайын сыйлыгына» татыктуу болушкан.



*“7-ирет өткөрүлгөн «Түрк дүйнөсү» даректүү тасмалар фестивалында “студенттик даректүү тасмалар” категориясында коммуникация факультетинин радио, тв жана кино бөлүмүнүн 4-курсунун студенттери Шайыр Бакытбекова «Көпүрө» аттуу документалдуу фильми менен биринчилик орунга, ал эми Айымкүл Темирбек кызы «Мурас» тасмасы менен «калыстардын атайын сыйлыгына» татыктуу болушкан.*

• КТМУнун атынан гезит ээси Ректор, проф. док. Алпаслан Жейлан Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев • Кеңешчи тобу Доц. док. Эрдоган Акман Доц. док. Гөкче Йогуртчу Доц. док. Ниязи Айхан Улук окутуучу док. Бакыт Орунбеков • Басма сөз координатору Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева • Жооптуу редактор Улук окутуучу, док. Топчугул Нармаматова Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай • Редактордун орун басары Гүлдана Нурмухаммед кызы Мехрафруз Набиева • Котормочулар Алтынай Нурдинова • Дизайнер Улук окутуучу Равшан Абдуллаев Жамол Абдрахманов • Корреспондеттер Акматалиева Канышай Маматова Айгерим Бекишова Элиза Мусалиева Айдана Замирбекова Айгерим Замирбеков Жакшылык Нурбек уулу Эсенбол Абдыкалил кызы Айзирек Кабылова Мээрим Мамедова Раяна Айбек кызы Албина Айнур Абитова • Дареги КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек Тел: +996 312 492756/1164

